**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Чүй областынын Панфилов районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**
**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Панфилов райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов финансы башкармалыгы, Каинды шаарынын мэриясы, Панфилов районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;

- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары,Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъектеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Чүй областынын Панфилов районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышынын аудиттеринин алкагында: Панфилов райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов башкармалыгы, 6 айыл өкмөттөрү жана 2 муниципалдык ишканалары камтылган.

Панфилов району боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **7 905,2** миң сом, анын ичинде:

- жетпей калуулуар жана уурдоолор – 222,8 миң сом.
- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 7 272,7 миң сом, анын ичинде:

- эмгек акыны негизсиз төлөөлөр -1 728,1 миң сом;
- курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 5 376,8 миң сом;
- эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 167,8 миң сом;

- бюджетин кошумча чегерилген кирешелери – 407,7 миң сом, алардын ичинен;
- салык жана бажы мыйзамдарынын бузулушу – 2,0 миң сом;
- бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы – 405,7 миң сом.
- Соц.фонддун кошумча чегерилген кирешелери – 2,0 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-14 420,3** миң сом, анын ичинде:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары -102,1 миң сом;
- эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 4 599,2 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан бюджетти түзүүдө, анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатуу менен, колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерди кабыл алынгандыгына байланыштуу, салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 4 435,6 миң сом;
- башка резервдер жана жоготуулар -5 283,4 миң сом.

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **4 083,4 миң сом**, анын ичинде:

- ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар – 4 083,4 миң сом.

**2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата, мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2020- 2021-жылдар мезгил аралыгына карата Чүй областынын Панфилов районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган, бардыгы:

- финансылык бузуулар - **3 515,5 миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары - **3 116,1 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **498,2 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 261,1 1 580,2 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 1 403,3 миң сому калыбына келтирилген. Фрунзе айыл өкмөтү боюнча калыбына келтирилбеген **176,9** миң сом калган – бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы.

**Панфилов районунун 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

2022-жылы Панфилов районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттарында өнөр жай, айыл чарбасы, курулуш жана башка тармактарды өнүктүрүүнүн темпин жогорулатуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөн.

Жаңы ишканаларды ишке киргизүүгө, социалдык объектилердин курулушун аяктоого багытталган инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууну камсыздоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

2022-жылы райондун өнөр жай ишаналары тарабынан 6 479,7 млн. сомго продукция өндүрүлгөн, бул 130,6 % түзөт. Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси 34,3% түзгөн.

2022-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн башка негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы:

- товар жүгүртүү – 9 210,0 млн. сом, өсүү темпи 105,6%;
- акы төлөнүүчү кызматтар - 145,7 млн. сом;
- жүк ташуунун көлөмү - 316,0 миң тонна, өсүү темпи 111,5% түздү%;

- жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү-7 151,0 миң адам, өсүү темпи 193% ;

2022–жылдын январь-ноябрь айларында Панфилов районунда тышкы экономикалык байланыштар жана соода ишмердүүлүгү 20,16 млн.АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 16,96 млн. АКШ долларына көп. Анын ичинде экспорттук жөнөтүүлөрдүн көлөмү эки эсеге өскөн, импорт боюнча түшкөн каражат 16,3 млн. АКШ доллары, 7 эседен көп.

2022-жылдын январь-ноябрында бкызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы 19 087,5 сомду түзгөн, 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 132,7% түзгөн (2021-жылы орточо айлык эмгек акы 14 385,2 сомду түзгөн). 2022-жылдын 1-январына карата жумуш издөө үчүн ишке орноштуруу органдарында каттала турган эмгекке жарамдуу курактагы адамдардын саны 791 адамды түздү, алардын ичинен расмий жумушсуз статусу 747 адам болгон. Акыркы маалыматтар боюнча, калктын саны 48 612 адамды түзөт.

2022-жылы өнөр жай секторунда 6 479,7 млн.сомго продукция өндүрүлгөн. Салык кызматында 24 жаңы чакан жана орто бизнес ишканасы жана 2 социалдык объект катталган, бардыгы 72 жумушчу орун түзүлгөн.

2022-жылы айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмү 6 490,7 млн.сомду түзгөн, өткөн жылга салыштырмалуу 2 195,3 млн. сомго көбөйгөн, же өсүү темпи 151% түзгөн.

2022-жылы капиталдык салымдар 182,24 млн.сом суммасында өздөштүрүлгөн. 2021-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 73,1%  түзгөн  (2021-жылы-249,4 млн. сом).

2022-жылы 98 843,5 миң кВт/с. электр энергиясы алынган, пландан ашыкча 360,4 миң кВт/с. пайдаланылган. 2021-жылга салыштырмалуу иш жүзүндө керектөө 3 933,3 миң кВт/с. азайган.

Панфилов райондук электр тармагы жалпы 12 701 абонентти тейлейт, анын ичинен 12 473 турак жай, 39 бюджеттик уюм, 32 айыл чарба, 26 өнөр жай жана башкалар – 449 абонентти тейлейт.

2023-жылдын 1-январына карата райондогу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө берилген социалдык паспорттордун саны 828 түзгөн жана 3 955 адамды камтыйт, б.а. 6,8% же 2021-жылга салыштырмалуу 0,3% аз.

Район боюнча мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын саны 2 735 адамды түзөт, анын ичинен 327 үй-бүлө жана 1 169 бала. Бир айлык чыгымдар 1 402,8 млн. сомду түзөт.

Ай сайын социалдык жөлөкпул алуучулардын саны 1 193 адамды түзөт, ай сайын керектөөнүн суммасы 6 304,7 млн.сомду түзгөн.

2022-жылы акчалай компенсация алуучулардын саны 371 адамды түзгөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 27 аз, компенсациянын өлчөмү 1 000 сомдон 7 000 сомго чейин, бул мыйзамдарда каралган жеңилдиктердин ченемдерине шайкеш келет.

**Бюджеттин аткарылышы.**

2022-жылга бекитилген бюджет боюнча киреше бөлүгүнүн көлөмү 114 103,9 миң сом өлчөмүндө белгиленген, такталган пландын көлөмү 127 809,1 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө аткарылышы 150 989,9 миң сомду түзгөн, план 118,1% аткарылган, же пландалгандан 23 180,0 миң сомго көп.

2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 117 663,9 миң сомго бекитилип, 185 009,1 миң сомго такталган, аткарылышы 170 636,8 миң сомду түзгөн, 14 372,3 миң сомго аз аткарылган, бул 92,2% түзгөн.

Чыгаша бөлүгүнүн аткарылбай калышынын негизги себеби болуп, айрым беренелер боюнча жетишсиз каржылоо эсептелет.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, Панфилов районунун төмөнкү мекемелеринин, уюмдарынын жана ишканаларынын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Панфилов райондук мамлекеттик администрациясы**

2022-жылга чыгымдар сметасы 9 301,5 миң сом суммасында бекитилген, 13 099,2 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгымдар 11 185,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 13 000,0 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит 2022 - жылдын 1-январынан 2-ноябрына чейинки мезгилде мурдагы башкы бухгалтер У. Саманчиев тарабынан 6 кызматкердин карточкалык эсебине жалпы суммасы 282,2 миң сом, анын ичинде өзүнүн эсебине 256,1 миң сом ашыкча эмгек акы которулганын белгилейт. Аудит учурунда ашыкча которулган акча каражаттары калыбына келтирилген. Бирок, аудитте аныкталгандай, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген **13,9** миң сом У.Саманчиевден кармалган эмес (банктын 2023-жылдын 28-январындагы № 31310021 квитанциясы).

**Сунуштама:**

Мурдагы башкы бухгалтер У.Саманчиев тарабынан 6 кызматкердин карточкалык эсебине 282,2 миң сом суммасындагы ашыкча которулган эмгек акы калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана тиешелүү ченемдик-укуктук актылардын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде, профсоюз уюмуна кызматкерлердин эмгек акысынан чегерүүлөр жалпы суммасы **30,0** миң сомго ашыкча кармалган.

**Сунуштама:**

Профсоюз уюмуна ашыкча которулган 30,0 миң сом мындан аркы чегерүүлөрдү которууда эсепке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **216,2** миң сом негизсиз төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 31, 8 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 7-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптары жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“Партнер-нефть” ЖЧК менен 499,9 мин сомго келишим түзүлгөн. Аудитке берилген отчеттук маалыматта (казыналык эсептен көчүрмө), 499,9 миң сом акча каражаттары которулгандыгы көрсөтүлгөн. Бирок, иш жүзүндө 277,1 миң сом которулган, бул "Партнер-нефть" ЖЧК менен салыштыруу актысы менен тастыкталган – **222,8** миң сом суммасындагы айырманы мурдагы башкы бухгалтер У.Саманчиев ыйгарып алган.

**Сунуштама:**

Мурдагы башкы бухгалтер У.Саманчиев тарабынан ыйгарып алынган 222,8 миң сом акча каражаты аудиттин жүрүшүндө тиешелүү бюджетке кайтарылгандыгы эске алынсын (квитанциялар №31310023 28.01.2023-ж.; №36840013 02.02.2023-ж.; №313100101 04.02.2023-ж.).

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Жумабаев

**Панфилов районунун Өнүктүрүү фонду**

2022-жылга чыгымдар сметасы 30 000,0 миң сомго бекитилген, отчеттук жыл ичинде 30 000,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 26 942,7 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 679,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Панфилов районунун Өнүктүрүү фондунун мурдагы бухгалтери У. Саманчиев өзүнүн эсебине негизсиз **15,4** миң сом которгон.

**Сунуштама:**

Мурдагы бухгалтер У. Саманчиев тарабынан өзүнүн эсебине негизсиз которулган **15,4** миң сом аудиттин жүрүшүндө тиешелүү бюджетке калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана тиешелүу ченемдик-укуктук актылардын талаптары так аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, сатып алуулар жөнүндө кулактандыруу жарыялабанстан, сатып алуулар планынан тышкары, 173,0 миң сомго маалыматтар базасын программалык камсыздоону иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Т. Исанов.

**Кайыңды шаарынын мэриясы**

2022-жылга киреше бөлүгү 55 438,0 миң сомго бекилген, такталган смета 52 784,6 миң сомду түзгөн, бюджетке 55 438,0 миң сомго кирешелер түшкөн, же план 105,0 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 52 189,5 миң сомго такталган, бюджеттин чыгаша бөлүгү 52 055,5 миң сомго, же 99,7% аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, мэриянын кызматкерлерине жумушчу орундарын аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн. Негизсиз төлөмдөрдүн суммасы бардыгы **197,1** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөр токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузулар жөнүндө корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлу № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомун бузуу менен, штаттан ашыкча бирдиктер киргизилген: : турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмүндө – 24 бирдик, аларга 315,6 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо, 2 189,7 миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, жана саламаттык сактоо бөлүмүндө – 6 бирдик, аларга 101,2 миң сом Социалдык фондго төлөөлөрдү кошкондо, 2 409,5 миң сом эмгек акы төлөнгөн. Аудит мезгилинде штаттан ашыкча бирдиктерге **4 599,2** миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:**

Мэриянын штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлу № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна шайкеш келтирилсин

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Жумабаев

**“Каинды Сервис” муниципалдык ишканасы, уюштуруучусу Каинды шаарынын мэриясы**

2022-жылга Пайда жана зыян жөнүндө (№2 форма) отчетуна ылайык, операциялык ишмердүүлүктөн негизги киреше 4 584,8 миң сомду түзгөн, жалпы административдик чыгашалар 4 584,8 миң сомго жүргүзүлгөн, жыйынтыгында киреше же зыян алынган эмес.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, жумушчу орундарын тиешелүү аттестациялоосуз, жумушчуларга эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумчалар эсептелген жана төлөнгөн. Негизсиз төлөмдөр бардыгы 106,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, жумушчу орундарын аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөр токтотулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Жумабаев А.

**Вознесеновка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 8 452,8 миң сомго бекитилген, 14 154,9 миң сомго такталган, жыл ичинде 16 495,5 миң сом түшкөн, же план 116,5 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 697,8 миң сомго бекитилген, 16 155,1 мин сомго такталган, кассалык чыгымдар 15 769,9 миң сомго аткарылган, иш жүзүндөгү чыгымдар 14 807,1 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуу жөнүндө жыйынтык:**

Аткарылган курулуш жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Ширин Бөбөк” балдар бакчасынын терезе блокторун алмаштыруу жана аймагын көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "УСТА-97” ЖЧК тарабынан **64,8** миң сом;
- "Вознесеновка орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы “Спецмонтажстрой" ЖЧК тарабынан **6,7** миң сом.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Ширин Бөбөк” балдар бакчасынын терезе блокторун алмаштыруу жана аймагын көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "УСТА-97” ЖЧК тарабынан 64,8 миң сом;
- "Вознесеновка орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы “Спецмонтажстрой" ЖЧК тарабынан 6,7 миң сом.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөмдүн 1/3 бөлүгүн **130,7** миң сом суммасында жергиликтүү бюджетке которуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети алган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткарууну камсыз кылынсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 130,7 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектолор Ш. Абдулаев, А. Мусуралиев, Д. Кубанычбеков

**Курама айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, активдер, милдеттенмелер жана трансферттер 22 889,0 миң сомго бекитилген, такталган план 21 831,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө аткаруу 28 329,4 миң сомду түзгөн, же план 129,7 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 20 809,0 миң сомго бекитилген, 31 723,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 29 723,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 25 328,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин 68 ижарачылары менен келишимдердин жалпы суммасы 3 268,8 миң сомду түзгөн. Аны менен бирге, 2022-жылга АЧЖМФ жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысы боюнча такталган киреше планы бардыгы 2 100,0 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин план-болжолу **1 168,8** мин сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун. АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, жумушчу орундарын тиешелүү аттестациялоосуз, жумушчуларга эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумчалар эсептелген жана төлөнгөн. Негизсиз төлөмдөр бардыгы **265,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, жумушчу орундарын аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөр токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча "Курама айыл өкмөтүнүн Панфилов орто мектебинин терезелерин алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Карабин" ЖЧК тарабынан **156,8** миң сомго жумуштардын көлөмүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Курама айыл өкмөтүнүн Панфилов орто мектебинин терезелерин алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Карабин" ЖЧК тарабынан **156,8** миң сомго жумуштардын жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жыл ичинде айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен, соттордун чечимдеринин негизинде, дыйкандар алган товардык кредиттер боюнча берилген кепилдик милдеттенмелер үчүн 493,2 миң сом, АЧЖМФ жерлерин ижарачылар тарабынан социалдык төлөмдөр үчүн – 300,0 миң сом, электр энергиясы боюнча карыз үчүн-1 540,8 миң сом төлөнүп, Сот департаментине 100,0 миң сом которулган. Бюджеттин жоготуулары бардыгы **2 434,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Соттук чечимдердин натыйжасында, жергиликтүү бюджеттин 2 434,0 миң сомго жол берилген жоготууларынын ордун толтуруу боюнча зарыл иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Кутпидин уулу А., А. Мусуралиев жана Д. Кубанычбеков

**“Курама-суу сууканалы” муниципалдык ишканасы, уюштуруучусу Курама айыл өкмөтү**

2022-жылга Пайда жана зыян жөнүндө (№2 форма) отчетуна ылайык, операциялык ишмердүүлүктөн негизги киреше 2 385,2 миң сомду түзгөн, жалпы административдик чыгашалар 2 383,4 миң сомго жүргүзүлгөн, жыйынтыгында 1,8 мин сом киреше алынган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы эмгек келишимдери боюнча иштеген жактардан **2,0** миң сом киреше салыгы жана **20,0** миң сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес

**Сунуштама:**

Эмгек келишимдери боюнча иштеген жактардан 2,0 миң сом суммасында киреше салыгы жана 2,0 миң сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлсүн жана тиешелүү бюджеттерге которулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, конкурстук процедуралар өткөрүлбөстөн, 267,5 миң сомго товардык- материалдык баалуулуктар сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекетик инспектор Кутпидин уулу А.

**Күрпүлдөк айыл өкмөтү**

2020-жылга бюджеттин киреше бөлүгү (трансферттерди кошпогондо) 7 511,2 миң сом суммасында бекитилген, 6 407,3 миң сомго аткарылган, же татккталган планга салыштырмалуу 108 0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 511,2 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 12 543,8 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 11 996,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, ваканттык орундарга кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, аларга 62,9 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо, негизсиз **427,4** миң сом төнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгү так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Курпүлдөк айыл өкмөтүнүн Ровное айылындагы орто мектебинин терезе блокторун алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Жаңы-конуш" ЖЧК тарабынан **37,4** миң сомго жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн Ровное айылындагы орто мектебинин терезе блокторун алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Жаңы-конуш" ЖЧК тарабынан **37,4** миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөмдүн 1/3 бөлүгүн **65,2** миң сом суммасында жергиликтүү бюджетке которуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети алган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткарууну камсыз кылынсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 65,2 миң сом өндүрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2021-жылдын аягына **640,3** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 9-беренесин бузуу менен, сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуу бөлүмү түзүлгөн эмес, же контрактты башкаруу үчүн жооптуу адам бекитилген эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин жана 11-беренесинин 7-бөлүгүн бузуу менен, сатып алуу жөнүндө кулактандырууну жарыялабастан, сатып алуулар планында каралбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Т. Исанов, А. Мусуралиев жана Д. Кубанычбеков.

**Орто айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 278,2 миң сомго бекитилген, 8 989,2 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 12 353,7 миң сомду түзгөн, же 139,4% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 028,2 миң сомго бекитилген, 17 442,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 16 684,9 миң сом.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга электр энергиясын пайдаланууга 385,0 миң кВт/с. ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 144,8 миң сомду түзгөн, же ченемден ашыкча 26,8 миң кВт/с., **102,1** миң сомго пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **396,4** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**Чалдыбар айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 600,5 миң сомго бекитилген, 9 001,3 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү киреше 12 778,6 миң сомду түзгөн, план 142,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 608,3 миң сомго бекитилген, 17 168,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 899,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 8 217,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин 116 ижарачылары менен келишимдердин жалпы суммасы 3 336,0 миң сомду түзгөн. Аны менен бирге, 2022-жылга АЧЖМФ жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысы боюнча такталган киреше планы бардыгы 1 600,0 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолу **1 736,0** мин сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун. АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөмдүн 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджетке которуу жүргүзүлгөн эмес. Аудит мезгилинде бюджетке бардыгы **209,8** миң сом тушкөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети алган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткарууну камсыз кылынсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 209,8 миң сом өндүрүлсүн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын

жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, **2 486,5** миң сомго эсепке алууга тиешелүү болгон дебитордук карыз аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин жана 11-беренесинин 7-бөлүгүн бузуу менен, сатып алуу жөнүндө кулактандырууну жарыялабастан, сатып алуулар планында каралбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр 1 321,7 миң сомго сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Р. Жолдошев.

**Фрунзе айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 18 000,6 миң сомго бекитилген, 19 303,5 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү киреше 25 329,0 миң сомду түзгөн, план 131,2% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 15 500,6 миң сомго бекитилген, 27 312,6 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 23 026,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 19 619,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-бөлүгүн жана 7-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөмдүн 1/3 бөлүгү **176,9** мин сом суммасында жергиликтүү бюджетке которуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөмдүн 1/3 бөлүгүн 176,9 мин сом суммасында жергиликтүү бюджетке которуу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары менен келишимдердин жалпы суммасы 3 396,8 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерелеринин ижара акысы боюнча карызы 1 304,5 мин сомду түзгөн. Аны менен бирге, 2022-жылга АЧЖМФ жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысы боюнча такталган киреше планы бардыгы 3 170,5 миң сомго бекитилген. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолу **1 530,8** мин сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун. АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, вакантттык орундарга кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, аларга 31,8 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо, негизсиз **455,5** миң сом төнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгү так жетекчиликке алынсын

**4. Критерийлерди бузуу жөнүндө жыйынтык:**

Аткарылган курулуш жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Узундугу 4200 метр ЛР 60; ЛР 40, т/б таянычтары менен жаңы сугат лотокторун орнотуу;" объектиси боюнча подрядчы "НЭК Лтд” ЖЧК тарабынан **5 049,3** миң сом;
- "Чалдыбар айылындагы Ч. Айтматов атындагы паркты көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы “Ак-Сарай Курулуш" ЖЧК тарабынан **61,8** миң сом.

Андан тышкары, келишимдин 11.1-пунктунун шарттарына ылайык милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн, подрядчы "НЭК Лтд" ЖЧКсына **1 007,5** миң сомго туум эсептелген.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Узундугу 4200 метр ЛР 60; ЛР 40, т/б таянычтары менен жаңы сугат лотокторун орнотуу;" объектиси боюнча подрядчы "НЭК Лтд” ЖЧК тарабынан **5 049,3** миң сом;
- "Чалдыбар айылындагы Ч. Айтматов атындагы паркты көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы “Ак-Сарай Курулуш" ЖЧК тарабынан **61,8** миң сом.

Андан тышкары, келишимдин 11.1-пунктунун шарттарына ылайык, милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн, подрядчы "НЭК Лтд" ЖЧКсына эсептелген 1 007,5 миң сом туум өндүрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуу жөнүндө жыйынтык:**

Аудите 2022-жылдын 31-декабрына карата балансында эсепке алынбаган Социалдык фондго **167,8** миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз аныкталган.

**Сунуштама:**

167,8 миң сом суммасындагы Социалдык фондго дебитордук карыз тиешелүү бухгалтердик документтер боюнча эсепке алынсын.

**6. Критерийлерди бузуу жөнүндө жыйынтык:**

2022-жыл ичинде айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен, Чүй областынын райондор аралык сотунун чечиминин негизинд,е дыйкандар алган товардык кредиттер боюнча берилген кепилдик милдеттенмелер үчүн 927,8 миң сом, АЖМФ жерлерин ижарачылар тарабынан социалдык төлөмдөр үчүн- 664,1 миң сом, ошондой эле, мамлекеттик алым 250,0 миң сом төлөнгөн. Бюджеттин жоготуулары бардыгы **1 841,9** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Соттук чечимдердин натыйжасында, жергиликтүү бюджеттин 1 841,9 миң сом суммасында жол берилген жоготууларынын ордун толтуруу боюнча зарыл иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуу жөнүндө жыйынтык:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына **560,2** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Дж. Мейманалиев, А. Мусуралиев жана Д. Кубанычбеков.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, төмөнкү мекеменин иши, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов финансы башкармалыгы**

2022-жылга чыгымдардын баштапкы сметасы 3 520,5 миң сом суммасында бекитилген, такталган смета 4 530,9 миң сомду түзгөн, сметанын чыгаша бөлүгүнүн кассалык аткарылышы 3 926,3 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 4 052,5 миң сом.

Ауди жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Жумабаев

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор А. Жумабаев, тел.+996 312623518